***<u>Баткен облустук  мамлекеттик статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун*
# *социалдык-экономикалык  абалы*

## *январь-июль*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

---

## *Баткен-2020*

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы***

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөр: -Закиров Ж.Д.
-Кайымов Р.И.
-Салиева У.С.
-Эргешов М.Ы.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук мамлекеттик статистика башкармалыгы.

***Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2020-жылдын январь-июль айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалыматтык тарамдарда, кагаз түрүндө, магнитик жана башка алып жүрүүчүлөргө таратканда, пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Мамлекеттик статистика жөнүндө Мыйзамдын 17-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2020-жылдын 12-августу.

***Шарттуу белгилер:***

-кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## *М А З М У Н У*


| | | |
|---|---|---|
| ***I*** | ***Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………*** | ***4*** |
| ***II*** | ***Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….*** | ***5*** |
| ***III*** | ***Сектордук обзор……………………………………………………..*** | ***6*** |
| | ***Реалдуу сектор……………………………………………………….*** | ***6*** |
| | Өнөр жайы……………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым……………………………………………... | 8 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу………………………………………………... | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……...……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 10 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| ***IV*** | ***Мамлекеттик сектор……………..…………………………………..*** | ***12*** |
| | Финансы……………………………………………………………. | 12 |
| ***V*** | ***Социалдык сектор……………………………………………………..*** | ***13*** |
| | Турак жай курулушу……………………………………………... | 13 |
| | Демографиялык жагдай……………………………………………. | 13 |
| | Калктын оорулары....................................................................... | 14 |
| | ***Тиркеме……………………………………………………………*** | ***16*** |

***ОБЛУСТУН 2020- ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ИЮЛЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ***

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2020-жылдын январь-июль айында 1555355,6 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 112,0 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүң чыгарылышы 2020-жылдын январь-июль айларында 7284,8 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 98,9 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында 1249896,0 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу баада 88,4 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-июль айында турак жай курулушунда жалпы аянты 26173,0 чарчы метр болгон 239 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июль айынын денгээлине салыштырмалуу 71,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 299710,4 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 685,6 миң тонна жүк ташылып, 2020-жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 86,8 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 80537,8 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 68,5 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-июль айында 8273781,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-июль айынын денгээлинен 5,8 пайызга төмөндөгөн.

2020-жылдын январь-июль айында чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 7072185,9 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2019-жылдын январь-июль айынын деңгээлинен 11,1 пайызга төмөндөгөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-июль айында 1201595,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,4 пайызга төмөндөгөн.

Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын июль айын өткөн жылдын июль айына салыштырганда 107,3 пайызды, ал эми ушул жылдын июль айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 99,7 пайызды түздү.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-июнь айында бир айлык орточо эмгек акы 13279,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 17,9 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-июль айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, педикулез, эпидемиялык паротит, аскоридоз, гонорея, котур, кургак учук, өткүр респиративдүү ооруларынын, жаныбарлардын тиштеп алуусунун төмөндөшү жана вирустуу гепатит, бруцеллез, эхинококкоз, инфекциялык ВИЧ оорууларынын өсүшү менен мүнөздөлдү.

## *II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР*

| | 2020 ж. январь-июль айларында | 2020ж июль айы 2019ж июль айына карата пайыз менен | 2020-жылдын январь- июль айлары 2019-жылдын январь- июль айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| ***Экономикалык индикаторлор*** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1555355,6 | 159,6 | 112,0 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүң чыгарылышы, млн. сом | 7284,8 | 93,2 | 98,9 |
| Негизги капиталга инвестициялар, мин сом | 1249896,0 | 2,2эсе | 88,4 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 26173,0 | 54,5 | 71,4 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 685,6 | 100,3 | 86,8 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 80537,8 | 79,1 | 68,5 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 8273781,6 | 101,7 | 94,2 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 7072185,9 | 97,5 | 88,9 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1201595,7 | 86,5 | 94,6 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 13279,0 [1)] | 114,2 [2)] | 117,9 [3)] |

***1) 2020ж. январь-июнь***
***2) 2020ж. июнь***
***3) 2020ж. январь-июнь***

## *III. СЕКТОРДУК ОБЗОР*

### Реалдуу сектор

***<u>Өнөр жайы.</u>*** Облус боюнча 2020-жылдын январь-июль айында 1555355,6 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 112,0 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 668953,8 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 43,0 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 384179,6 миң сомду же 24,7 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 416462,7 миң сомду же 26,8 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 85759,5 миң сомду же 5,5 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-июль айында 384179,6 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 106,1 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында 222276,3 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын январь-июль айына салыштырмалуу 114,0 пайызды түздү. Өткөн жылга салыштырмалуу көмүрдү Кадамжай району 24965,0 тоннага, Сүлүктү шаары 3802,4 тоннага көп казып алган. Баткен районунда январь-июль айында өткөн жылга салыштырмалуу 1535,4 тоннага көмүрдү аз казып алынган.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 668953,8 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 118,6 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 325666,3 миң сомду (көлөмдүн 48,7 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 75007,1 миң сомду (көлөмдүн 11,2 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 15174,5 миң сомду (көлөмдүн 2,3 пайызын), химия өндүрүшү 52421,5 миң сомду (көлөмдүн 7,8 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 126463,2 миң сомду (көлөмдүн 18,9 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 24416,5 миң сомду (3,7 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 49804,7 миң сомду (7,4 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында өткөн жылдын январь-июль айына салыштырмалуу 92,0 пайызды түздү.

Иштетилбеген мунайзат 27,7 пайызга, электр энергиясын бөлүштүрүү 2,5 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 4,5 пайызга, сымап өндүрүү 31,1 пайызга, дан эгиндеринен тартылган ун 5,2 пайызга, таш көмүр өндүрүү 14,0 пайызга, аялдардын тигилүү кийими 28,6 эсеге, эркектердин тигилүү кийими 4,7 эсеге, тазартылган күрүч 2,7 пайызга өскөн. Ал эми үй-эмеректерин жасоо 14,5 пайызга, балмуздак 33,3 пайызга, кондитердик азыктар 18,3 пайызга жаңы бышкан нан 7,5 пайызга, эт азыктары 6,3 пайызга, өсүмдүк майын өндүрүү 3,3 пайызга, иштетилген сүт азыктары 38,2 пайызга, килем 33,0 пайызга, бышырылган керамика кирпичи 31,6 пайызга, бут кийим 7,3 пайызга төмөндөгөн.

*2020-жылдын январь-июль айында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 75007,1 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-июль айындагы деңгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 6,9 эсеге, ал эми химия өндүрүшүнүн көлөмү 52421,5 миң сомду түзүп, физикалык көлөмдүн индекси 131,1 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-июль айында 24416,5 миң сомдук продукция чыгарылды, же өндүрүүнүн физикалык көлөмүнүн индекси өткөн жылдын январь-июль айына салыштырганда 93,8 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-июль* айында 416462,7 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 102,5 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 85759,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 104,9 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы
(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)




Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




***<u>Айыл чарбасы, анчылык жана токой чарбасы.</u>*** 2020-жылдын январь-июль айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 7284,8 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 98,9 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында 14210,6 тонна эт, 59461,3 тонна сүт, 11755,0 миң даана жумуртка, 700,0 тонна жүн өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,2 пайызга, сүт өндүрүү 1,0 пайызга, жумуртка өндүрүү 1,0 пайызга, жүн 0,2 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 2,0, Кадамжай районунда 0,2, Лейлек районунда 0,3, Баткен шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 0,4 пайызга өскөн. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында эт өндүрүү өткөн жылдын деңгээлинде калган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 0,4, Кадамжай районунда 2,1, Лейлек районунда 0,2, Баткен шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 0,3 пайызга жогорулаган. Ал эми Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жумуртканы Баткен району 0,3, Кадамжай району 2,2, Лейлек району 0,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,2 пайызга көп өндүргөн. Ал эми Баткен жана Сүлүктү шаарларында өткөн жылдын деңгээлинде калган. Жүн өндүрүү Кадамжай районунда 0,2, Лейлек районунда 0,4, Баткен шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 4,4 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен районунда жана Кызыл-Кыя шаарында өткөн жылдын деңгээлинде калган.

Облус боюнча 2020- жылдын 1-августуна карата 20508,0 тонна дан эгиндери жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 100,5 пайызды түздү. Бардык дан эгиндерди өндүрүүнү өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу Баткен району 69,2 пайызга, Кадамжай району 87,4 пайызга, Лейлек району 112,8 пайызга, Баткен шаары 97,8 пайызга жана Кызыл- Кыя шаары 85,5 пайызга аткарган. Анын ичинен буудай 11013,1 тонна же 94,3 пайызды, арпа 9494,9 тонна же 108,7 пайызды түзгөн. Картошка 13807,7 тонна жыйналып, өткөн жылга салыштырмалуу 80,4

пайызды, жашылча 17290,8 тонна же 76,8 пайызды, мөмө-жемиш 36140,8 тонна же 106,6 пайызды түздү.

Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу картошка казып алуу Баткен районунда 37,7 пайызга, Кадамжай районунда 88,5 пайызга, Лейлек районунда 102,3 пайызга, Баткен шаарында 72,9 пайызга жана жана Кызыл- Кыя шаарында 75,7 пайызга аткарылган. Жашылча жыйноо Баткен районунда 35,2 пайызды, Кадамжай районунда 74,0 пайызды, Лейлек районунда 108,9 пайызды, Баткен шаарында 130,0 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 36,5 пайызды түздү. Мөмө-жемиш өндүрүү Баткен районунда 107,5 пайызды, Кадамжай районунда 113,4 пайызды, Лейлек районунда 97,2 пайызды, Баткен шаарында 79,3 пайызды жана Кызыл-Кыя шаарында 94,3 пайызды түздү.

***Капиталдык салым.*** 2020-жылдын январь-июль айында 1249896,0 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2019-жылдын ушул мезгилине карата салыштырмалуу баада 88,4 пайызга барабар болду. Капиталдык салымдар Баткен районунда 2,7 эсе жана Кызыл-Кыя шаарында 66,8 пайызга өсүү болду. Ал эми Баткен шаарында 84,6, Лейлек районунда 35,2,Кадамжай районунда 16,4, пайызга жана Сүлүктү шаарында 75,7 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын, калктын каражаттары жана республикалык бюджет жана чет өлкөлүк кредит түздү. Өздөштүрүлгөн капиталдык салымдардын 71,8 пайызы подрядтык иштерге туура келди.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




***Транспорт жана байланыш.*** 2020-жылдын январь-июль айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 685,6 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 86,8 пайызды түздү.

2020-жылдын январь-июль айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 3969,5 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 80537,8 миң жүргүнчү-км түздү (2019-жылдын январь-июль айларына салыштырмалуу 68,5 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2020-жылдын январь-июль айларында бардыгы жеке адамдардын транспорту менен жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2020-жылдын январь-июль айында 8273781,6 миң сомду түзүп, 2019-жылдын январь-июль айынын денгээлине салыштырмалуу 5,8 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 8043232,8 миң сом болуп 5,7 пайызга төмөндөгөн.

***Керектөө рыногу***. Соода, автомобилдерди, мотор майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында 6661357,1 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,3 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди жана мотордук майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 3566849,7 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 14,6 пайызга төмөндөгөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 53,5 пайызды түздү. Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү ушул жылдын январь-июль айында 7072185,9 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 11,1 пайызга төмөндөгөн.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июль айында 24160,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 42,1 пайызга төмөндөгөн.

Мотордук майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-июль айында 2828109,9 миң сомду түздү, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 14,2 пайызга жогорулаган.

Азыркы күндө эл керектөөчү керек-жарак товарларынын көпчүлүгүн (82,4 пайызын) соода түйүндөрүнөн алышат, алардын жүгүртүлүшү ушул жылдын январь-июль айында 5827640,2 миң сомду түздү, же өткөн жылга салыштырганда 7,6 пайызга төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июль айында 1201595,7 мин сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 94,6 пайызды түздү.

Чекене товар жүгүртүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)




Калкка акысына кызмат көрсөтүүнүн салыштырма салмагы
(% менен)



***<u>Эмгек рыногу жана эмгек акы.</u>*** Облустун калкты ишке жайгаштыруу башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2020-жылдын 1-августуна карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 13702 адамды түздү, анын ичинен 10648 адам официалдуу жумушсуз статусун алган.

Официалдуу түрдө катталган жумушсуздардын ичинен 208 адам коомдук акы төлөнүүчү иштерге тартылды.

2020-жылдын 1-августуна карата 501 бош жумушчу орун болду. Бир бош иш ордуна 27,3 адам туура келди.

Облус боюнча 2020-жылдын январь-июнь айында бир айлык орточо эмгек акы 13279,0 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 17,9 пайызга өскөн. Облус боюнча 2020-жылдын июнь айында бир айлык орточо эмгек акы 13744,8 сом өлчөмүндө калыптанып, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 14,2 пайызга өскөн.

Эмгек акы өткөн айга салыштырмалуу тоо кайра иштетүү өнөр жайы, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү, курулуш, соода: автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, финансылык ортомчулук жана камсыздоо, кыймылсыз мүлк операциялары, илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу, милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий, көнүл ачуу жана дем алуу тармактары боюнча өскөндүгү байкалды.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2020-жылдын май айында 177,8 долларды түздү.

2020-жылдын 1-июлуна карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 22030,4миң сом болду.

Эмгек акыны төлөө карызынын 81,8 пайызын Кадамжай району, 18,2 пайызын Кызыл-Кыя шаары түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны

(адам)




***<u>Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.</u>*** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-июль айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 100,8 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 103,5 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 97,7 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2020 жылдын январь-июль айында өткөн жылдын январь-июль айына салыштырмалуу 102,1 пайызды түздү. Ал эми 2020 жылдын июль айы өткөн жылдын июль айына салыштырмалуу 102,3 пайызды түздү.

***Баалардын жана тарифтердин индекси.*** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын июль айында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 107,3 пайызды түздү, ал эми июль айын өткөн жылдын декабрь айына салыштырганда 99,7 пайызды түздү.

Ушул жылдын июль айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 2,3 пайызга, 1-сорт ун 2,6 пайызга, сүт 7,2 пайызга, жумуртка 1,1 пайызга кымбатаган. Ал эми нан, макарон азыктары, уйдун эти, койдун эти, күн карама майы өз ордунда калган.

***Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азык-тары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумурт-ка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 101,8 | 100,0 | 100,0 | 109,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 99,1 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 98,3 | 100,0 |
| март | 101,5 | 106,4 | 100,0 | 100,4 | 100,0 | 100,0 | 105,7 | 91,5 | 101,2 |
| апрель | 105,8 | 112,3 | 100,0 | 114,1 | 100,0 | 100,0 | 106,9 | 101,5 | 101,5 |
| май | 96,0 | 96,0 | 100,0 | 98,2 | 100,0 | 100,0 | 95,5 | 103,2 | 100,4 |
| июнь | 91,4 | 97,2 | 100,0 | 97,7 | 100,0 | 100,0 | 83,8 | 96,8 | 99,6 |
| июль | 102,3 | 102,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 107,2 | 101,1 | 100,0 |

Жашылча-жемиштердин баалары өткөн айга салыштырмалуу пияз 18,5 пайызга, картошка 0,5 пайызга, алма 34,9 пайызга, грек жаңгагы 3,2 пайызга төмөндөгөн. Ал эми сабиз 1,4 пайызга, кургатылган өрүк 8,7 пайызга кымбатаган.

***Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси***

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатыл-ган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 105,7 | 103,9 | 107,3 | 113,9 | 110,5 | 100,0 |
| февраль | 115,0 | 100,0 | 114,3 | 106,0 | 106,6 | 100,0 |
| март | 92,0 | 110,2 | 99,0 | 117,0 | 93,8 | 100,0 |
| апрель | 155,7 | 126,2 | 116,9 | 119,2 | 112,8 | 100,0 |
| май | 69,0 | 100,0 | 100,0 | 106,3 | 108,7 | 106,7 |
| июнь | 63,8 | 78,4 | 87,0 | 76,5 | 100,0 | 100,0 |
| июль | 81,5 | 99,5 | 101,4 | 65,1 | 108,7 | 96,8 |

Үстүбүздөгү жылдын июль айын өткөн июнь айына салыштырмалуу күйүүчү-майлоочу материалдар 1,2 пайызга, бензин 1,2 пайызга төмөндөгөн. Ал эми фармацевтикалык продукциялар 4,0 пайызга кымбатаган. Азык-түлүк эмес товарлар, кийимдер, кийим тигүү үчүн материалдар, бут кийимдер, турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар, үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника, суу менен камсыз кылуу, катуу отун, газеталар жана мезгилдүү басылмалар өз ордунда калган.

***Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси***

(пайыз менен)

| | 2020ж. июль 2019ж. июлуна карата | 2020ж. январь-июль 2019ж. январь-июлуна карата | 2020ж июль 2020ж июнуна карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 108,0 | 108,0 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 104,1 | 101,3 | 100,0 |
| Бут кийим | 112,3 | 110,2 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 99,3 | 100,5 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 116,6 | 117,2 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 84,6 | 92,7 | 98,8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Бензин | 85,1 | 92,7 | 98,8 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 101,4 | 100,5 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 110,3 | 105,0 | 104,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 104,7 | 104,8 | 100,0 |

Өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын июль айында жүргүнчү транспортунун тейлөөсү 0,2 пайызга төмөндөгөн. Ал эми калган тейлөөлөр өз ордунда калган.

***Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.***

(пайыз менен)

| | 2020ж. июль 2019ж. июлуна карата | 2020ж. январь-июль 2019ж. январь-июль | 2020ж июль 2020ж июнуна карата |
|---|---|---|---|
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 95,7 | 97,3 | 99,8 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,2 | 99,8 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 100,4 | 100,5 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 106,4 | 106,4 | 100,0 |
| Амбулаториялык тейлөөлөр | 100,0 | 99,1 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 105,7 | 108,5 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 90,2 | 97,2 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

***Керектөө бааларынын индекси***

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)



### *Мамлекеттик сектор*

***Финансы.*** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-июнь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 498,0 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 96,1 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 589,3 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 5,4 пайызга, ал эми чыгашалар 16,0 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2020-жылдын январь-июнь айларында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2020-жылдын январь-июнь айларында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 279,6 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 1,6 пайызга өскөн. Киреше жана пайда салыгы 21,3 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 34,8 пайызга жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр 4,0 пайызга өскөн. Ал эми патенттин негизиндеги салык 16,7 пайызга, жер салыгы 13,0 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 19,2 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 31,7 пайызга, соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшкөн салык 51,5 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 51,7 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин азайганы байкалды. Алсак 2019-жылдын январь-июнь айларында жалпы кирешенин 19,2 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2020-жылдын январь-июнь айларында 14,2 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 45,2 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 29,7 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 2,8 пайызга өскөн.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2020-жылдын январь-июнь айларында 336,5 млн. сомду түзүп, 2019-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 3,9 пайызга азайган. Чыгашалардын 32,5 пайызы социалдык-маданий чөйрөгө, 51,5 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды. Бардык чыгашалардын 16,4 пайызы билим берүү тармагына (55,2 млн. сом) жумшалган.

### Социалдык сектор

***Турак жай.*** 2020-жылдын январь-июль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 26173,0 чарчы метр болгон 239 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-июль айынын деңгээлине салыштырмалуу 71,4 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 299710,4 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өзүмдүк турак жай курулуштарына жумшалган.

***Демографиялык жагдай.*** 2020-жылдын январь-июнь айында Баткен облусу боюнча 6572 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 901 балага азайган), же калктын 1000 не 24,4 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 1209 адам өлгөн (2019-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 103 адамга көп), же калктын 1000 не алганда 4,5 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 5363 адамды, же 1000 кишиге 19,9 түздү.

2020-жылдын январь-июнь айында 105 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 16 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 1 балага азайган.




***<u>Калктын ооруулары</u>***. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф жана дифтерия ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2020-жылдын январь-июль айында облуста *ичеги-карын ооруларынан* бактериялуу дизентерия менен 3 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 93,5 пайызга, ичегинин өткүр инфекциясы менен 791 оорулуу катталып, 51,2 пайызга төмөндөгөн, бактериялуу минингит, салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган эмес.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 470 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19,3 пайызга өскөн, анын ичинен гепатиттин В түрү менен 6 оорулуу катталып 68,4 пайызга, эпидемиялык паротит 10 оорулуу катталып 94,0 пайызга төмөндөгөн.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан* бруцеллез оорусу менен 54 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 54,3 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 12 оорулуу катталып, 9,1 пайызга көп катталган. Ал эми жаныбарлардын тиштеп алуусу 44,9, аскаридоз 48,4 пайызга азайган.

*Паразитардык оорулардан* инфекциялык ВИЧ 16 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,8 эсеге көп катталган. Ал эми педикулез ооруусу менен 8, котур ооруусу 67, сифилис менен 6, гонорея менен 4 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу тийиштүү катарда 63,6, 16,2, 60,0 жана 60.0 пайызга төмөндөгөн.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 9704 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 11,2 пайызга, кургак учук менен ооруган 181 адам катталып, 7,2 пайызга төмөндөгөн. Кургак учук менен ооругандардын саны өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу облустун бардык район, шаарларында төмөндөгөн.

***Облмамстатистика башкармалыгынын жетекчиси:*** ***С. Ысмайылов***

| | | беги |
|---|---|---|
| | Реалдуу сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 17 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү……….......................……….............. | 18 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……............................................……….............. | 18 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………… | 19 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү……………………………… | 20 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..………………………......... | 20 |
| 7 | Аймактар боюнча айыл чарба эгиндеринин түшүмүн жыйноонун жүрүшү.................................................. | 21 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 8 | Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши жана подрядтык жумуштардын көлөмү | 22 |
| 9 | Капиталдык салымдардын жана подрядтык иштердин көлөмү…………………………….…………. | 22 |
| 10 | Подряддык курулуш жана монтаждоо жумуштарынын аткарылышы.......................................................... | 24 |
| 11 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................... | 24 |
| 12 | Турак-жай курулушунун аткарылышы облус боюнча……………………………………………………. | 24 |
| 13 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.........................................................................…...... | 25 |
| | Транспорт | |
| 14 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү | 26 |
| 15 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 26 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 16 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү……………………………………………………………. | 27 |
| 17 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............………......... | 27 |
| 18 | Чекене товар жүгүртүүнүн менчик түрүнүн түзүлүшү……….…………………………………………… | 28 |
| 19 | Коомдук тамактануу чөйрөсүндө товар жүгүртүүнүн түзүлүшү…………………………………………. | 28 |
| 20 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо............... | 29 |
| 21 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошпогондо.......... | 29 |
| 22 | Бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо (катталган ишканалар боюнча)....................................................................................................…......................... | 30 |
| 23 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү | 30 |
| 24 | Ресторан, бар, ашкана жана башка ишканалардын бардык каналдар боюнча чекене товар жүгүртүүсү (катталган ишканалар боюнча) | 31 |
| 25 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү……………………………………………….. | 31 |
| 26 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү (катталган ишканалар)……………………….. | 32 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 27 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары………… | 33 |
| 28 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары январь-июнь | 34 |
| 29 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары-июнь.........................…… | 34 |
| 30 | Калкты иш менен камсыз кылуу…………………………………………………………………………….. | 35 |
| 31 | Официалдуу катталган жумушсуздардын саны…………….……………………………………………… | 35 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| | Финансы | |
| 32 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 33 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 36 |
| 34 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| 35 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы …………………………… | 37 |
| | Социалдык сектор | |
| 36 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү……………………..……………………………….. | 38 |
| 37 | Калктын төрөлүү, өлүү жана табигый өсүүсү боюнча катышы…………………………………………… | 38 |
| 38 | Жаш балдардын өлүмү…………………………………………………………………………………… | 38 |
| 39 | Облус боюннча жаш балдардын өлүмүнүн катышы….…. …..………………………………………………. | 39 |
| 40 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын саны……….…………………………………………………… | 39 |
| 41 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы………..…………………………………………… | 39 |
| 42 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны…………………………………………… | 39 |

***Таблица 1. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү январь-июль***

( миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| ***Бардыгы*** | ***1587654,6*** | ***1555355,6*** | ***112,0*** |
| ***I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы*** | ***518239,2*** | ***384179,6*** | ***106,1*** |
| 1. Таш көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 380982,9 | 333913,5 | 114,0 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 130880,4 | 44840,4 | 127,7 |
| 3. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 6375,9 | 5425,7 | 79,0 |
| ***II. Иштетүү өнөр жайы*** | ***611473,0*** | ***668953,8*** | ***118,6*** |
| 1. Тамак аш азыктарын өндүрүү, ичимдик-тер менен тамеки кошо | 279147,1 | 325666,3 | 92,0 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдик терди кошкондо | 279147,1 | 325666,3 | 92,0 |
| -тамеки өндүрүү | - | - | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 40166,6 | 75007,1 | 6,9 эсе |
| -текстил өндүрүшү | 1889,0 | 1764,8 | 71,8 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 38027,7 | 73010,3 | 13,4 эсе |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 249,9 | 232,0 | 92,7 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 17353,9 | 15174,5 | 92,6 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 16919,4 | 14784,0 | 92,7 |
| - басма жана полиграфиялык ишмердик, | 434,5 | 390,5 | 112,7 |
| жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 371,0 | 326,0 | 78,5 |
| 4. Химия өндүрүшү | 43442,1 | 52421,5 | 131,1 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 142962,6 | 126463,2 | 87,3 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 26671,2 | 24416,5 | 93,8 |
| 7. Электр жабдууларды өндүрүү | 728,6 | - | - |
| 8. Өнөр жайдын башка түрлөрү | 61000,9 | 49804,7 | 81,0 |
| ***III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү*** | ***391390,0*** | ***416462,7*** | ***102,5*** |
| ***IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.*** | ***66552,4*** | ***85759,5*** | ***104,9*** |

Таблица 2. Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү

январь -июль (миң сом)

| | 2019 | 2020 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| ***Область боюнча:*** | ***1587654,6*** | ***1555355,6*** | ***159,6*** | ***112,0*** |
| Электр энергиясыз | 1196264,6 | 1138892,9 | 167,4 | 114,3 |
| райондор: | | | | |
| Баткен | 64686,0 | 71343,7 | 101,2 | 92,7 |
| Кадамжай | 393620,7 | 370016,1 | 132,6 | 101,0 |
| Лейлек | 223298,3 | 126999,8 | 101,4 | 104,4 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 433303,3 | 469961,2 | 101,3 | 100,8 |
| Электр энергиясыз | 41913,3 | 53498,5 | 101,2 | 96,1 |
| Кызыл-Кыя | 207224,3 | 246169,2 | 387,5 | 161,4 |
| Сүлүктү | 265522,0 | 270865,6 | 113,1 | 101,2 |

***Таблица 3. Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү***

| | Өлчөө бирдиги | 2019 | 2020 | 2020ж. январь-июль айы 2019ж. январь-июль айына карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| | | Январь-июль | | |
| Таш көмүр | тонна | 195044,3 | 222276,3 | 114,0 |
| Бышырылган керамика кирпичи | миң даана | 5678,9 | 3882,3 | 68,4 |
| Бут кийим | жуп | 658,0 | 610,0 | 92,7 |
| Эт жана эт азыктары | тонна | 568,7 | 533,1 | 93,7 |
| Бышырылбаган керамика кирпичи | миң даана | 403,0 | 364,2 | 90,4 |
| Дан эгиндеринен тартылган ун | тонна | 2751,6 | 2896,0 | 105,2 |
| Өсүмдүк майлары | тонна | 63,2 | 61,1 | 96,7 |
| Жаңы бышкан нан | тонна | 5295,7 | 4898,1 | 92,5 |
| Үй-эмеректери | миң сом | 44269,1 | 37837,3 | 85,5 |
| Сурьма металы кошулма | % | | | |
| Сымап | % | | | 131,1 |
| Топтолгон жана тазаланган суу | миң $м^3$ | 2714,9 | 2837,2 | 104,5 |
| Тазартылган күрүч | тонна | 553,9 | 568,9 | 102,7 |
| Кондитер азыктары | тонна | 329,9 | 269,6 | 81,7 |
| Килемдер | даана | 297,0 | 199,0 | 67,0 |
| Иштетилген сүт азыктары | тонна | 44,0 | 27,2 | 61,8 |
| Балмуздак | тонна | 54,4 | 36,3 | 66,7 |
| Эркектердин тигилүү кийимдери | даана | 18463,0 | 86607,0 | 4,7 эсе |
| Аялдардын тигилүү кийимдери | даана | 16523,0 | 472569,0 | 28,6 эсе |
| Иштетилбеген мунайзат | миң тонна | 6,5 | 8,3 | 127,7 |
| Электр энергиясын бөлүштүрүү | миң сом | 175772,0 | 180105,8 | 102,5 |

***Таблица 4. Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү***
2020-жылдын январь-июль

| | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 | 2019 | 2020 | 2020 % менен 2019 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | ***Таш көмүр, тонна*** | | | ***Бышырылган кирпич, миң даана*** | | | ***Эт жана эт азыктары, тонна*** | | |
| ***Облус боюнча:*** | ***195044,3*** | ***222276,3*** | ***114,0*** | ***5678,9*** | ***3882,3*** | ***68,4*** | ***568,7*** | ***533,1*** | ***93,7*** |
| райондор: | | | | | | | | | |
| Баткен | 5620,0 | 4084,6 | 72,7 | 2120,0 | 286,4 | 13,5 | 36,7 | 37,4 | 101,9 |
| Кадамжай | 55661,2 | 80626,2 | 144,9 | 2454,9 | 3372,7 | 137,4 | 78,0 | 153,7 | 197,1 |
| Лейлек | - | - | - | 150,0 | 223,2 | 148,8 | - | - | - |
| шаарлар: | | | | | | | | | |
| Баткен | - | - | - | - | - | - | 73,0 | 70,0 | 95,9 |
| Кызыл-Кыя | - | - | - | - | - | - | 381,0 | 272,0 | 71,4 |
| Сүлүктү | 133763,1 | 137565,5 | 102,8 | 879,0 | - | - | - | - | - |

| | ***Жаңы бышкан нан, тонна*** | | | ***Дан эгиндеринен тартылган ун, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***5295,7*** | ***4898,1*** | ***92,5*** | ***2751,6*** | ***2896,0*** | ***105,2*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 313,5 | 294,5 | 93,9 | 1885,8 | 1909,2 | 101,2 |
| Кадамжай | 2083,9 | 1973,0 | 94,7 | 687,7 | 718,8 | 104,5 |
| Лейлек | 471,9 | 417,7 | 88,5 | 178,1 | 268,0 | 150,5 |
| шаарлар: | | | | | | |
| Баткен | 397,0 | 390,0 | 98,2 | - | - | - |
| Кызыл-Кыя | 1679,4 | 1472,9 | 87,7 | - | - | - |
| Сүлүктү | 350,0 | 350,0 | 100,0 | - | - | - |

| | ***Кондитер азыктары, тонна*** | | | ***Өсүмдүк майы, тонна*** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Облус боюнча:*** | ***329,9*** | ***269,6*** | ***81,7*** | ***63,2*** | ***61,1*** | ***96,7*** |
| райондор: | | | | | | |
| Баткен | 25,0 | 22,1 | 88,4 | 21,8 | 21,2 | 97,2 |
| Кадамжай | 18,8 | 17,3 | 92,0 | 19,4 | 20,4 | 105,2 |
| Лейлек | 123,7 | 78,0 | 63,1 | 22,0 | 19,5 | 88,6 |
